КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ХАН-ТЕНИРИ

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезексиз 16- сессиясы

# ТОКТОМ

19.03.2026-ж №11 Ново-Вознесеновка айылы

## Хан-Теңири айыл аймагынын алыскы жана жакынкы жайыттардын жайыт акыларын бекитүү жөнүндө

Хан-Теңири айыл аймагындагы айылдарда (Ак-Булуң, Ак-Булак, Ак-Чий, Боз-Учук, Ново-Вознесеновка, Жыргалаң, Качыбек, Ичке-Жергез, Советское, Токтогул) болуп өткөн элдик жыйындарда алыскы жана жакынкы жайыт акыларын бекитүү жөнүндөгү чечимдерин карап жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын негизинде **жергиликтүү кеңеш токтом кылат:**

1. Хан-Теңири айыл аймагында 2026-жылга малдарды алыскы жайыттарга чыгарууга жайыт акыларынын тарифтери төмөндөгүдөй бекитилсин:
   - бодо мал – 150 сом бир башына;
   - жылкы – 150 сом бир башына;
   - Кой- 40 сом бир башка;
   - топоз- 300 сом бир башка;
2. Хан-Теңири айыл аймагында 2026-жылга малдарды жакынкы жайыттарга чыгарууга жайыт акыларынын тарифтери төмөндөгүдөй бекитилсин:
   - бодо мал – 130 сом бир башына;
   - жылкы – 130 сом бир башына;
   - Кой- 30 сом бир башка;
   - саан уй- 200 сом бир башка;
   - чабыш – 500 сом.

3. Менчигинин түрүнө карабастан жерлердеги табийгый жана маданий жайыт жерлерин бузгандарга айыл өкмөтүнүн укук бузуулар боюнча комиссиясы тарабынан "Укук бузуулар жөнүндөгү" Кодексине ылайык тиешелүү айып пулдар салынсын.

4. Токтом ММКларга жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

5. Бул токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго, токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссияга жана аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

Төрага Т.Узаков